**Д 12.23.669 диссертациялык кеңеши**

**№ 31 ПРОТОКОЛ**

Мамашарип кызы Багдагүл юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы диссертациялык ишинин алдын ала коргоо жөнүндө

**20-декабрь 2024-ж.** **Бишкек ш.**

**Күн тартиби**

1. Мамашарип кызы Багдагүл юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы диссертациялык ишин алдын ала коргоо.

**Адистиги:** 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук.

**Илимий жетекчи:** Арабаев Автандил Анисович – юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Урматтуу кесиптештер, Диссертациялык кеңештин отурумун ачык деп жарыялоону сунуштайм. Кворум бар, Диссертациялык кеңештин 14 мүчөсүнөн, 1 мүчөсү отурумга катышууда:

1. Токтобаев Болот Токтомышевич – төрага, юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.01.

2. Шамурзаев Таалайбек Турсунович – төраганын орун басары, юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.08.

3. Сагыналиева Венера Желденовна – окумуштуу катчы, юридика илимдеринин кандидаты, доцент, адистиги 12.00.01.

4. Адилов Айбек Насырович – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09, 12.00.14.

5. Аманалиев Урмат Олжобекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02, 12.00.14.

6. Джумагулов Айдар Муратович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01, 12.00.02.

7. Джумалиев Данияр Сардарбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.01,12.00.02.

8. Ким Олег Дмитриевич – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.09.

9. Сыдыкова Лейла Чынтургановна – юридика илимдеринин доктору, профессор, адистиги 12.00.08.

10. Токтогулов Алмаз Асылбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02,12.00.14.

11. Саякова Мария Касымовна – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.08, 12.00.14.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Күн тартиби боюнча кимде кандай сунуштар бар? Эгерде сунуштар жок болсо, анда добушка коём. Урматтуу кесиптештер добуш берип коюңуздар. Бары «макул», бир добуштан кабыл алынды**.**

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Диссертанттын аттестациялык иши боюнча маалымат берүү үчүн сөз Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, В.Ж. Сагыналиевага берилет.

**Окумуштуу катчы, ю.и.к. Сагыналиева В.Ж.:** Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлдүн аттестациялык ишиндеги бардык керектелүүчү документтер Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына ылайык туура даярдалган.

Тема Ош мамлекеттик юридикалык институтунун окумуштуулар кеңешинин отурумунда бекитилген. Тема Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук илимдер академиясынын диссертациялык иштердин темаларынын электрондук Реестринде бар.

Темасы: “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери”. Илимий жетекчиси: Арабаев Автандил Анисович.

**Изилдөө иштеринин натыйжаларына кайрыла турган болсок** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан кеңеш берилген бир катар ата-мекендик жана РИНЦ базасы менен индекстелген басылмаларда **10 илимий макала** жарыяланган жалпы баллы – 217ти түздү. Анын ичинде 7 макаласы мамлекеттик тилде, кыргыз тилинде жарык көргөн, 3 макаласы орус тилинде жарык көргөн.

Ушул эле жылдын 27-ноябрында аттестациялык иш өндүрүшкө кабыл алынып, ал жерден биз эксперттик комиссияны дайындаганбыз. Курамына ю.и.д. (12.00.02), доцент Джумалиев Д. С., ю.и.д. (12.00.01), доцент Аманалиев У. О., ю.и.д. (12.00.01, 12.00.02) жана доцент Токтогулов А. А. (12.00.08, 12.00.14) дайындалган. Бул эксперттин мүчөлөрүнүн корутундусу бизге келип түштү, үч корутунду тең оң баа берди. Ошол эле маалда, корутундуларда диссертациялык иш боюнча айрым эскертүүлөр бар болгон жана аларды жок кылуу үчүн изденүүчүгө убакыт берилген.

Андан тышкары, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясы тарабынан Мамашарип кызы Багдагүлдүн “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы диссертациялык иши боюнча баштапкы документтердин аныктыгын текшерүү акты берилди.

Кыскача маалымат ушундай, суроолор болсо берсеңиздер болот. Рахмат!

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Окумуштуу катчыга суроолор барбы? Эгер суроолор жок болсо, анда сөз изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлгө. Урматтуу изденүүчү, регламент боюнча сизге он мүнөткө чейинки убакыт берилет, алгач баяндама жасасаңыз, андан кийин суроо-жоопторго өтөбүз.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Окумуштуу катчыга суроолор барбы? Эгер суроолор жок болсо, анда сөз изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлгө. Урматтуу изденүүчү, регламент боюнча сизге он мүнөткө чейинки убакыт берилет, алгач баяндама жасасаңыз, андан кийин суроо-жоопторго өтөбүз.

**Изденүүчү Мамашарип кызы Б.:** Урматтуу Болот Токтомышевич! Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Бүгүн сиздердин карооңуздарга юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" темасындагы диссертациялык изилдөө иши сунушталууда.

Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө үй-бүлөлүк мамилелерге тиешелүү конституциялык нормалар жана мыйзамдар талдоого алынды.

Диссертациялык изилдөө ишинин максаты Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин теориялык жактан иштеп чыгуу менен аларды жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды берүү деп белгиледик.

**Белгиленген максатка жетүү үчүн бир канча милдеттер коюлуп, ишке ашырууга илимий иш аракеттер аткарылды:**

1. **үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык-укуктук ченемдердерди изилдөө жана талдоо;** КРда көз карандысыздык мезгилинде үй-бүлө коомдун табигый жана негизги башаты катары мамлекеттин укуктук жөнгө салуудагы өз алдынчалуу жана маанилүү объектисинен болуп келүүдө. Ага байланыштуу, үй-бүлөлүк мыйзамдар ар тараптан өнүгүүдө, анын максаты катары үй-бүлөлүк мамилелерди бекемдөө жана алардын корголушун камсыздоо.

Укуктук мамлекеттин орношу жана коомдун өнүгүшү үй-бүлөнүн бекемдигинен, үй-бүлө мамилелеринин туруктуулугунан көз каранды болот, алар өз кезегинде, саясий, экономикалык, маданий, билим берүүчүлүк жана социалдык коом катары үй-бүлөнүн мүмкүнчүлүктөрүн аныктаган башка

шарттарды түзүүгө багытталган мамлекеттин социалдык саясий таасири астында түзүлөт.

Үй-бүлө укугунун конституциядагы ченемдерине талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгында төмөндөгүдөй тыянакка келмекчибиз:

1. Үй-бүлө - ар бир коомдун пайдубалы. Ар бир күчтүү жана ынтымактуу үй-бүлө, анын бүтүндүгүн сактоо, коомдун бул топко жардам берүү үчүн, анын үй-бүлө баалуулуктары бар. Үй-бүлөлүк баалуулуктар биримдикти, сый-урматты жана ишенимди бекемдейт; ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө, окумуштуулардын илимий эмгектерин жана колдонуудагы Конституцияны, мыйзамдарды талдоо менен үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченемге автордук аныктама берилди. *“Үй-бүлөлүк укукту камтыган конституциялык ченем* - бул Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ченемдердин негизинде түзүлгөн үй-бүлө мамилелерине катышуучулардын ортосундагы коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турган жүрүм – турум эрежелери”.

2. **үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүү;** КРнын Үй-бүлө кодексинин 4-беренесинде Кыргызстандын үй-бүлө мыйзамдары аталган Кодекстен, КРнын Балдар жөнүндө кодексинен жана аларга ылайык кабыл алынуучу башка мыйзамдардан турат деп белгиленген.

КРнын Үй-бүлө кодексинин Преамбуласында бул Кодекстин КРнын Конституциясына ылайык никеге туруунун, никени токтотуунун жана аны жараксыз деп табуунун шарттары менен тартибин белгилээри, үй-бүлө мүчөлөрүнүн: жубайлардын, ата-энелер менен балдардын (асырап алуучулардын жана асырап алынгандардын) ортосунда, ал эми үйбүлө мыйзамдарында каралган учурларда жана чектеринде башка туугандар менен бөлөк адамдардын ортосундагы жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк мамилелерди жөнгө салаары аныкталган.

Демек, Кыргызстандагы үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу биринчи кезекте Конституцияга жана анын принциптери менен ченемдерине негизделет жана аларга ылайык жүзөгө ашырылат.

Башкача айтканда, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын сап башында Конституция турат. Ошентип, мындагы үй-бүлөлүк мыйзамдардын жалпы мүнөздөмөсүнө талдоо жүргүзүү менен төмөндөгүдөй тыянактарга келмекчибиз:

1. Үй-бүлөлүк мыйзамдардын жалпы мүнөздөмөсү көрсөтүп тургандай, бул чөйрөдөгү улуттук мыйзамдардын негизин конституциялык принциптер менен ченемдер түзүшөт.

2. КРнын Балдар жөнүндөгү кодексине балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо тууралуу бап киргизип анда адептүү (калп айтпоо, ушак сүйлөбөө, жамандабоо, ач көз, саранддыктан алыс болуу, башка бирөөнү кордобоо) жана адилет болуу мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдер каралуусу зарыл. Келечек муундардын адеп-ахлак тарбиясы аркылуу эл кызматына жараган элдик уулду, коомдук милдеттерди аткарган, Ата-Мекенди сүйгөн, коргогон, адилет эмгек кылган азаматты тарбияласак, демократиялык тарбиянын эң негизги милдеттери аткарылат. Балдарда ыймандуулук, акыйкаттык, калыстык, намыскөйлүк, уяттуулук, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, кечиримдүүлүк сапаттарын калыптандыруу менен балдардын бири-бирине болгон мамилесине мындай адеп-ахлактык тарбия түздөн-түз жакшы таасир берет. Ошондой эле КРнын Үй-бүлө кодексине дагы руханий маданий негиздерди камтыган ченемдер киргизилиши керек. Бул жерде демократиялуу коомдо үй-бүлө мүчөлөрүнүн адеп-ахлактык негизди жөнгө салган атуулдун коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бирине, үй-бүлөсүнө, туугандарына болгон жоопкерчиликтүү ченемдерден туруусу зарыл.

**3. үй-бүлөлүк укукту изилдөөнүн объекти, предмети менен методдорун аныктап, мүнөздөмө берүү;** Изилдөөнүн ***<u>объектиси</u>*** болуп, КРнын Үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери менен байланышкан коомдук мамлилелер эсептелинет.

Изилдөөнүн ***<u>предметин</u>*** үй-бүлөлүк укуктун негизги категориялары менен түшүнүктөрү жана аларды иштеп чыгуудагы жана илимий талдоодогу теориялык көз-караштар жана позициялар, үй-бүлө укугунун институционалдык тутуму жана өзгөчөлүктөрү, КРнын үй-бүлөлүк конституциялык-укуктук мыйзамдары, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуунун теориясы жана практикасы түзүшөт.

Изилдөөнүн ***<u>методологиясы</u>*** коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий методдору менен бирге жеке илимий методдорду комплекстүү колдонууда жатат.

<u>Жалпы илимий метод</u> катары таануунун диалектикалык методун колдонуу үй-бүлө мамилелерин жана аларды жөнгө салуунун жалпы коомдук өнүгүү процессинин, андагы өз ара байланыштар жана өз ара көз карандылыктардын призмасы аркылуу кароого мүмкүнчүлүк түздү. Ошондой эле, а<u>нализдин жана синтездин</u> жалпы илимий методу, формалдуу-логикалык методду, системдүү-түзүмдүк методу, салыштырма укуктук метод, техникалык-юридикалык ыкмалар изилдөөгө шарт түздү.

**4. үй-бүлөлүк укук түшүнүгүнүн конституциялык-укуктук маанисине талдоо жүргүзүү;** Үй-бүлөлүк укук укуктун тармагы катары өзүнүн жөнгө салуу предмети менен методдоруна ылайык бир катар укуктук институттардан турат. Ал эми алардын эң маанилүүсү үй-бүлө экендиги талашсыз.

Заманбап коомдук илимдер жаатындагы изилдөөлөрдү талдоо көрсөткөндөй, «үй-бүлө» терминин айрым ата мекендик жана чет элдик окумуштуулар түшүнүк катары карашса, кээ бирөөлөрү анын маңызы менен мазмунуна өзгөчө маани берип, категория катары талдап келишет.

Албетте, биздин изилдөөбүздүн предметине жана объектисине ылайык «үй-бүлө» түшүнүгүн укуктук илимдердин призмасынан талдоого алабыз. Баса белгилеп кетчү маселе – акыркы мезгилде Үй-бүлөлүк укугунун актуалдуу көйгөйлөрүн изилдөөгө ата мекендик окумуштууларыбыз, биз буга чейин белгилеп өткөндөй, олуттуу маани беришүүдө.

Бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып төмөндөгүдөй тыянактарга токтолгонбуз:

1. Үй-бүлөлүк укуктук мамилелер деп, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын бекитүүгө жана аларды ишке ашырууга байланышкан жана ошол эле учурда тиешелүү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынган мамилелерди айтсак болот.

Үй-бүлөлүк укуктук мамилелер субъекттери жана алардын ортосундагы мамилелердин мааниси жана мазмуну боюнча көп кырдуу мүнөзгө ээ.

2. Үй-бүлөлүк мамилелердин негизинде анын мүчөлөрүнүн укуктары, милдеттери жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын болуусу талашсыз маселе. Ошону менен бирге, экинчиден, үй-бүлөлүк мамилелерде үчүнчү тараптын, алсак, жакын жана алыс туугандардын, башка физикалык жана юридикалык жактардын, коомдун жана мамлекеттин ошол үй-бүлөгө карата укуктары, милдеттери жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын болуусу да мүмкүн. Үчүнчүдөн, үй-бүлөлүк мамилелер өзүнүн маңызы, мазмуну жана коомдук мааниси боюнча жалаң гана укуктук принциптер жана ченемдер менен гана жөнгө салынбайт. Алар көптөгөн башка социалдык ченемдер, алсак, моралдык ченемдер, үрп-адаттар жана салттуу эрежелер ж.б.у.с. менен жөнгө салынат. Төртүнчүдөн, үй-бүлөлүк мамилелердин укук тарабынан коом жана мамлекет үчүн сөзсүз түрдө жөнгө салынууну талап кылшган учурлары жана укуктук жөнгө салынууга жаткан тараптары гана жөнгө салынат. Алсак, үй-бүлөнүн мүчөсүнүн адам жана жаран катары укуктарын, милдеттерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бекитүү жана аларды коргоо менен байланышкан мамилелер укуктук жактан жөнгө салынат.

3. Үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуу, бир жагынан, жеке кызыкчылыктардын, экинчи жагынан, коомдук кызыкчылыктардын коргоого алынышын камсыз кылат. Мында жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы, бир жагынан, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн укуктары, милдеттери менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын, экинчи жагынан, үй-бүлөнүн мамлекет менен коомго карата жана ошол эле учурда

коом менен мамлекеттин үй-бүлөгө карарата милдеттери менен кызыкчылыктарын туюндурат. Ушундан улам, үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун негизинде жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктар жатат.

4. Никени юридикалык жактан түбөлүктүү, жубайлардын өмүр бою баш кошуусу катары юридикалык жактан шарттай албайбыз. Себеби турмуштук ар кандай факторлордон улам жубайлардын ортосунда чыр чыгабы же урушуп кетишеби же болбосо бири-биринен көңүлдөрү калабы же мыйзам менен каралган кандайдыр бир юридикалык фактылар орун алып калабы – никеде андан ары чогуу турууга болбой калган мындай жагдайлар түзүлгөн кезде жубайдын никеден баш тартууга же бузууга дайыма укугу бар. Башкача айтканда, мамлекет мыйзамдуу тартипте жубайлардын никесин каттоо менен аларга никеңер өмүр бою болот деп кепилдик бере албайт жана берүүгө милдеттүү эмес. Анткени нике, мыйзам боюнча, эркек менен аялдын, биринчиден, өз эрки, экинчиден, ыктыяры, үчүнчүдөн, өз ара макулдугу менен баш кошуусу. Биздин пикирибизде, КРнын Үй-бүлө кодекси ушундай юридикалык жагдайларды эске алып, нике түшүнүгүнө аныктама бергенде анын жубайлардын ортосунда өмүр бою болуусун шарттаган эмес да ал маселени жубайлардын өз эркине койгон.

5. КРнын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгү үй-бүлөнү коомдун негизи катары таануу менен, үй-бүлөнү коргоого алууга коомду жана мамлекетти милдетендиргендигинен улам, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу, алардын катышуучуларынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жана алардын кепилдигин аныктоо мамлекеттин жана анын социалдык, демографиялык жана үй-бүлөлүк саясатынын негизин түзүшү керек.

6. Үй-бүлөнү социалдык-укуктук жактан камсыздоонун жана коргоонун артыкчылыктуу мүнөзүн камсыз кылуу үчүн конституциялык негиздерди түзүү максатында КРнын Конституциясына коомдун табигый жана негизги уюткусу катары үй-бүлөнүн ролун бекемдеген жобону КРнын

Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен киргизүү зарыл: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш” деп эсептейбиз.

**5. үй-бүлөлүк укуктарды коргоо боюнча конституциялык принциптерге талдоо жүргүзүү;** КРнын Конституциясы, биз жогоруда белгилеп кеткендей, үй-бүлө маселелерине 20-беренени арнаган. Андагы конституциялык жоболорго ылайык, үй-бүлөнү коомдун негизи катары таануу менен бирге, үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда тураары так белгиленген.

Изилдөөнүн негизинде азыркы учурда үй-бүлөлүк-укуктук жөнгө салууда бар болгон бир катар маселелерди карап чыгуу зарыл деп эсептейбиз:

1) КРнын Конституциясына коомдун табигый жана негизги уюткусу катары үй-бүлөнүн ролун бекемдеген жобону КРнын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен киргизүү зарыл: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш”.

2) КРнын Үй-бүлө кодекси ак ниеттүү жубайдын укуктары жараксыз нике менен бузулган учурда моралдык зыяндын ордун толтурууну талап кылуу укугун аныктайт. Үй-бүлө кодексинде моралдык зыян жөнүндө башка эскертүүлөр жок. Чынында эле, моралдык зыяндын ордун толтуруу - бул субъекттердин жеке мүлктүк эмес укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун маанилүү ыкмасы болуп саналат**.**

**3)** КРнын Үй-бүлө кодекси 43-47-беренелеринде Кыргызстандын практикасына нике келишими институтун киргизди, ал келишим никеге чейин же адамдар никеге тургандан кийин түзүлгөндүгүнө карабастан жубайлардын мүлктүк укуктарын жана милдеттерин аныктай турган

келечектеги же никелешкен жубайлардын макулдашуусун түшүндүрөт. Учурдагы кырдаал, нике келишиминин мазмуну мыйзамга ылайык өтө чектелүү. Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууну олуттуу жакшыртуу нике келишимине жеке мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн киргизүүгө мүмкүндүк берет, бул өз кезегинде жубайлардын ортосундагы мамилелерди толук жөнгө салууга шарт түзөт.

4) Үй-бүлө мүчөлөрүнүн алименттик укуктук мамилелеринин жетиштүү толук регламенттелгендигине карабастан, алимент берүү жөнүндө ченемдерди терең талдоодо олуттуу кемчиликтер табылат. Мисалы, (Балдар жөнүндө кодекс) тиешелүү балдар мекемесинде турган баланын ата-энесинен алимент алуу укугу бекитилет, бирок башка туугандары (чоң атасы, чоң энеси, бир туугандары ж.б.) жөнүндө сөз болбойт.

**6. үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин өзгөчөлүгүн жана маанисин аныктоо жана үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликти ишке ашыруу механизминин негиздерин жакшыртуу боюнча практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу;**

Мында биз ата мекендик укуктук тартипте каралып жаткан институттун калыптанышын жана өнүгүшүн талдоо бизге бир катар өзгөчөлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берди: айтсак, 1917-жылга чейин Орус падышачылыгынын мезгили, Советтик мыйзамдарда үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчиликти укуктук жөнгө салуу сапаттык жактан жаңы деңгээлге көтөрүлгөн. Биздин оюбузча, үй-бүлөлүк укукта эң негизгиси үй-бүлөлүк укуктук жоопкерчиликтин тарбиялык функциясы болушу керек, анткени үй-бүлөлүк укуктун жана мыйзамдардын милдети укук бузуулар үчүн коркутуу жана жазалоо эмес, мыйзамдуу жүрүм-турумга басым жасоо болуп саналат. Ошондой эле, изилднн натыйжасында жоболорду, практикалык сунуштамаларды иштеп чыктык.

Кыскача ушундай, көңүл бурганыңыздар үчүн ыраазычылык билдирем! Суроолор болсо жооп берүүгө даярбыз.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Рахмат, баяндама аяктады, суроолорго өтөлүк. **юридика илимдеринин доктору, профессор Адилов Айбек Насыровичтен** суроонузду бериңиз. Чоң рахмат, изденүүчүгө менде төмөндөгүдөй суроо бар. Сиз өзүңүздүн диссертациялык ишиңизде жазып жатасыз, жашы жете электердин укуктук статусун түздөн-түз аныктап турган конституциялык норма жок деп белгилептирсиз, бул боюнча сиздин пикириңизди билгим келет. Экинчи суроом, Коомдогу болуп жаткан көп аял алууну диссертациялык ишиңизде арыл албай жаткан маселе деп белгилептирсиз да, чындыгында көп бирден ашык аялдар менен жашап жаткандар көп, бирок аны болтурбоого жетиштүү эле мыйзамдар, принциптер кабыл алынган күрөөшүүгө эмне тоскоол болуп жатат.

**Изденүүчү Мамашарип кызы Б.:** Рахмат, экинчи суроонуздан баштасам, туура айтасыз, бул боюнча жетиштүү чаралар каралган бирок, эки же андан ашык аял алуу боюнча чараларды көрүүгө арыз, даттануулардын жоктугу, анткени кыргыз эли каада-салт үрп адаты өзгөчө уникалдуу эл, бул жерде жабырлануучулар аялдар эч качан өзүнүн үй-бүлөсүнүн абийрин ачпаган, күйөөсүнүн абийрин, өзүнүн уяттуулугунан арыз даттануунун жоктугунан мындай иштер каралбайт. Экинчи суроонуз боюнча биз жетекчим менен изилдөөдө бул бонча биринчи бөлүмдө карап өткөнбүз. КРнын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө КРнын ар бир адамы жана жараны ээ болгон укуктардын, эркиндиктердин жана милдеттердин бүткүл тизмеси, анын ичинде жашы жете элек адам сыяктуу конституциялык-укуктук мамилелердин өзгөчө субъектиси бар. Ошол эле учурда, жашы жете электердин укуктук статусун камсыз кылуу үчүн, аларды декларативдик жол менен Конституцияга киргизүү жетишсиз, ошондой эле укуктук ченемдерди ишке ашыруунун натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу жана киргизүү зарыл.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Сөз Шамурзаев Таалайбек Турсуновичке берилет.

**Ю.и.д., профессор Шамурзаев Т.Т.:** Кандайгана автореферат мазмуну, формасы боюнча тиешелүү талаптарга жооп берүүсү керек. Бул жерде тамгалардын өлчөмү ар түрдүү болуп калган бир жеринде 14 шрифт, бир жеринде 12 шрифт, корутунду бөлүгүндө мамлекеттик тилде жазылып баштап, официалдуу тилге өткөн, анан эгерде маселелер койула турган болсо анда изилдөөгө чейин койулушу керек. Кыскасын айтканда техникалык каталарды оңдоо керек.

**Изденүүчү Мамашарип кызы Б.:** көрсөтулгөн техникалык, орфографиялык, граматикалык каталарды оңдоп түзөөлөр жасалат диссертациялык коргоого чейин

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Суроо берүү үчүн сөз Саякова Мария Касымовнага берилет, Силердин негизги жоболорунарда

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Кесиптештер, дагы суроолор барбы? Эгер суроо жок болсо, анда изденүүчүгө ыраазычылык билдирем. Ордуңузга отура берсеңиз болот. Кийинки сөз окумуштуу катчы В. Ж. Сагыналиевага изденүүчүнүн илимий жетекчиси **юридика илимдеринин доктору, профессор** **Арабаев Автандил Анисовичтин** пикирин окуп берүүгө берилет:

Б. Мамашарип кызынын диссертациялык иши чындыгында актуалдуу темага арналган жана ал төмөнкүлөр менен тастыкталгат. Бүгүнкү күндө үй-бүлө коом үчүн эң маанилүү. «Үй-бүлөну коргоону мамлекет өз кепилдигине алат» деп Баш мыйзамыбыз болгон Конституцияда бекитилип келет. Муну менен бирге, үй-бүлөнүн коомдогу ордун, ролун аныктап турат. Үй-бүлөнүн символу болгон никеден баштап, балдардын төрөлүшү, аларды тарбиялоо, бала асырап алуу, үй-бүлөдөгү мамилелер, жоопкерчилик – мына ушунун баары мыйзам менен жөнгө салынат. Бирок акыркы учурдагы коомдо болуп жаткан салттуу кыргыз үй-бүлөсүнө терс таасирин тийгизген окуялар, көрүнүштөр диссертациялык изилдөөнүн темасынын олуттуу экендигинен кабар беришет.

Гендер маселесиндеги аша чапкандык, бир жыныстуу никелердин кыргыз коомунда пайда болушу, ошондой эле үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактап калуу маселеси бүгүнкү күндө мамлекеттик деңгээлдеги көйгөйлөргө айланып жатат.

Жогорудагы терс көрүнуштөрдөн арылуу жаңы мыйзамдардын кабыл алынышына жана аракеттеги мыйзамдарга өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизүүгө түрткү болгон мамлекеттик иш-аракеттерди көрүүгө түрткү берет. Бул жакта изилдөөчү өзүнүн диссертациялык ишинде изилдөөнүн максатын жана негизги милдеттерин туура аныктап, изилдөөнүн натыйжасында илимий жоболорду, тыянактарды жана практикалык сунуштамаларды жетиштүү турдө иштеп чыккан.

Теманы изилдөөдө изденүүчү чет өлкөлүк жана ата-мекендик укук таануучу окумуштуулардын эмгектерин окуп, изилдеп алардын позицияларын салыштырмалуу түрдө талдоо менен көз карашын далилдеген. Ошондой эле, өз илимий ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана башка конституциялык-укуктук актыларда бекитилген принциптер менен ченемдерге таянган.

Арийне, ушундай мазмундагы диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында изденүүчү Б. Мамашарип кызы ата мекендик конституциялык-укуктук илиминде бир катар жаңы илимий-теориялык позицияларды чагылдырган теориялык жоболор менен практикалык сунуштамаларды иштеп чыкты. Биринчиден, «үй-булөлүк укуктук мамилелер» түшүнүгүнө автордук аныктама сунушталды. Экинчиден, үй-булөлук укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышын мүнөзөдү. Үчүнчүдөн, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси менен ордун аныктады. Төртүнчүдөн, конституциялык принциптер менен үй-бүлөлүк укуктун катышын чагылдыруусун далилдеди. Бешинчиден, «үй-үлө-коомдун негизи», «үй-үлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат» деген конституциялык принциптердин

маани-маңызын ачып көрсөттү. Алтынчыдан, никенин макамынын мазмунун аныктоодогу конституциялык принциптердин маанисин ачып көрсөттү. Жетинчиден, КРнын Үй-бүлө кодексинин 15-беренесинде белгиленген никеге турууга тоскоолдук болуучу жагдайлардын тизмесин толуктоо керектигин далилдеди жана бул маселе боюнча автордук сунуштама берди. Сегизинчиден, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 1-беренесинин 3-бөлүгүндө бекитилген үй-булө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарын үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү менен кеңейтүү керектигин негиздеп сунуштады. Тогузунчудан, үй-бүлөнүн бакубаттуулугун бекемдөө максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен толуктоону сунуштады. Онунчудан, үй-бүлөлүк укукта моралдык зыяндын ордун толтуруу институтун колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү керектигин негиздеп көрсөттү. Он биринчиден, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууну жакшыртуунун жолдорунун бири катары нике келишминин мазмунун кеңейтүү керектигин сунуштады.

Илимий жетекчи катары Мамашарип кызы Багдагүл менен иштөө мага абдан эле кызыктуу жана мазмундуу болду. Анткени изденүүчү узак жылдардан бери Ош мамлекеттик юридиклык институтунда жана Ош мамлекеттик университетинде мугалим болуп эмгектенип, болгондо да үй-бүлөлүк укук боюнча сабак өтүп келет. Айтайын дегеним - Мамашарип кызы Багдагүл үй-бүлөлүк укук боюнча адис катары өзүнүн диссертациялык ишинин тематикасын, андагы көйгөйлөрдүн ичинен да, сыртынан да таанып билип, алардын үстүндө көп жылдардан бери эмгектенип келген укук таануучу. Менимче, изденүүчүнүн мугалимдик кесиби жана анын диссертациялык тема боюнча адистиги анын изилдөөдөгү жогорку деңгээлдеги натыйжаларга жетишүүсүнө түздөн-түз салым кошушту.

Корутунду: Мамашарип кызы Багдагүлдүн “Кыргыз республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы диссертациялык изилдөөсү өз максатына жетти.

Жарык көргөн илимий эмгектери жана алардын сандык жана мазмундук көрсөткүчтөрү кандидаттык окумуштуулук даражаны изденип алуу талаптарына толук жооп берет.

Диссертациялык изилдөө өзүнүн темасы, маңызы жана мазмуну боюнча 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине дал келет.

“Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы диссертация “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарына толук жооп берет жана 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн коргоого жатат. Изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүл аталган адистик боюнча илимдин кандидаты болууга татыктуу деп эсептейм.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Чоң рахмат, Венера Желденовна! Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүн угууга өтөлү. Сөз эксперт, ю.и.д., доцент Аманалиев Урмат Олжобековичке берилет.

**Ю.и.д., доцент Аманалиев У.О.:** «Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери» темасынын үстүндө юридикалык илимдин кандидаты даражасын изденүүгө сунушталып жаткан Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациясы Д.12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет. Диссертация Кыргыз Республикасындагы үй-бүлө укугунун аспектилерин кылдаттык менен изилдеп үй-бүлөлүк укук менен байланышкан ченемдик-укуктук актыларды системалаштырып талдоо жүргүзгөн жана негизги конституциялык принциптерди аныктаган.

Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк укукту камсыз кылган конституциялык укуктук ченемдерди кылдаттык менен карап, үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдардын мүнөздөмөсүн ачып бере алган.

Изденүүчү диссертациялык ишин изилдөөдө Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык укуктук негиздерин теориялык жактан иштеп чыгып бир топ практикалык сунуштамаларды келтирген.

Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча орчундуу сын-пикирлер жок, бирок илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн төмөнкүлөргө көңүл бөлүү абдан маанилүү:

1. Үй – бүлө маселесине кайрылып, андагы ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык тарбия берүү жагдайларын көтөрүп жаткандан кийин кыргыз коммчулугундагы тарыхый – укуктук жактан каралуучу маселелерге дагы көбүрөөк басым жасалса;

2. Үй – бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салган мыйзамдарга карата берилип жаткан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө тиешелүү эксперттик топтордун талкуусуна активдүү катышуу менен социологиялык сурамжылоолорду жүргүзүүгө көбүрөөк көңүл бурулса;

3. Жумуштагы стилистакалык жана граматикалык катарларды оңдоо сунушталмакчы.

Диссертациялык кеңешке коргоого сунушталат. Мындан ары бул багыттагы ишти улантып үй-бүлөлүк укук системасын алдыга жылдыруу максатында иштелип чыккан сунуштардын негизинде тиешелүү мыйзамдарга толуктоолорду киргизүү боюнча активдүү иш алып баруусу сунушталат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Чоң рахмат Урмат Олжобекович. Кийинки сөз эксперт, ю.и.д., доцент Токтогулов Алмаз Асылбековичге берилет.

**Ю.и.д., доцент Токтогулов А.А.:** Юридикалык илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган Мамашарип кызы Багдагүлдүн “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы диссертациясын карап чыгып төмөндөгүдөй корутундулар чыгарылды: Аткарылган кандидаттык диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөө өз максатына жетүүсү үчүн ата мекендик, чет элдик окумуштуулардын илимий эмгектерине, позицияларына салыштырылып натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар иштелип чыккан. Ошондой эле,

үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүүдө изилдөөчү үй-бүлөлүк укуктук мамилелер жаатындагы бардык көйгөйлөрдү, кемчилдиктерди жана артыкчылыктарын теорияга жана практикага таянып, мисалдар менен ачып берген.

Эскертүү: 1. Үй-бүлө маселесине кайрылып жаткандан кийин, азыркы учурда кыргыз коомчулугунда жаралып жаткан көйгөйлөрдүн бири – бул улгайган адамдардын укуктарын коргоо жана камсыз кылуу. Изденүүчү улгайган адамдарды кылмыштуулуктан, зомбулуктан жана таш боор мамиледен коргоо маселесине да көңүл бөлүү сунушталат. Бул маселе илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн абдан маанилүү болмок.

2. Авторефераттардын мамлекеттик тилде жазылган варианттары менен расмий тилдеги варианттарында айырмачылыктар бар, андыктан кайрадан карап чыгуу зарыл.

“Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” деген темадагы Мамашарип кызы Б. диссертациялык ишин 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын жактоого алуусун сунуштайт.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Алмаз Асылбековичге, ыраазычылык билдирем! Мамашарип кызы Б. сизде жооп барбы?

**Изденүүчү Мамашарип кызы Б.:** Урматтуу эксперттер сиздердин эскертүүлөрүнүздөргө ыраазычылык билдирем. Урматтуу Урмат Олжобекович кыргыз коомчулугундагы тарыхый – үй-бүлөлүк маселелерди атайын изилдеп кароого кийинки изилдөөлөрдө кароого максат койуп алдым өзүмө, чындыгында тарыхый үй-бүлөлүк маселелер жөнүндө атайын параграфта карап чыгууга болчудай деп ойлойм. Бул биринчи эскертүүнүз боюнча ал эми экинчи эскертүүнүзгө, Туура айтасыз социалогиялык сурамжылоо жүргүзүүдө эл арасында кандай көйгөйлүү маселелер, эл кандай мыйзамга суусап турат экендигин билесин мыйзам долбоорлору менен иштеген эксперттик топ менен байланыш түзүү аракеттенем, буюрса кийинки

изилдөөлөрдө диссертациялык кенештин алдына талкууга алып чыгууга аракеттенем. Урматтуу Урмат Олжобекович жумуштагы стилистикалык жана граматикалык каталарды оңдөөнун үстүндөмүн, УАКтын жобосуна ылайык оңдоп түзөөлөр болот. Алмаз Асылбековичтин корутундусу боюнча, Туура айтасыз, бүгүнкү күндө үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн олутту маселесинде кары-картандардын кароосуз калуусу, аларга карата ташбоордук, кайдигерлик мамилелерди илимий жактан изилдөө өзүнчө бир чоң тема мындан кийинки илимий изилдөөлөрдө сиздин эскертүүнүздү сунуш катары кабыл алдым, жана изилдейбиз. Сөзсүз оңдоо түзөтүүлөр жүргүзүлөт.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Кийинки сөз С. В. Желденовнага берилет, үчүнчү эксперттин корутундусун окууга.

**Окумуштуу катчы, ю.и.к. Сагыналиева В.Ж.:** Эксперт ю.и.д., доцент Джумалиев Данияр Сардарбековичтин берген корутундусунда диссертация боюнча орчундуу сын-пикирлер жок дейт, бирок илимий ишти андан ары өркүндөтүү үчүн төмөнкулөргө көнүл бөлүү абдан маанилүү. Колдонулган адабияттардын, тизмесин жана диссертациядагы шилтемелерди диссертацияларды жана авторефераттарды жасалгалоо боюнча Нускамага ылайык жасоо керек. Экинчиси, диссертацияларды жана авторефераттарды жасалгалоо боюнча Нускаманын талаптарына ылайык, диссертациялык иште изилдөөнүн усулдарына жана методологиясына арналган өзүнчө бөлүм болушу керек. Кароого киргизилген диссертациялык иште мындай бөлүмдунжок экендигин белгилейт жана тийиштүү толуктоо киргизүү керектигин эскертем. Данияр Сардарбековичтин эскертүүсүн сунуш катары аткарып койсоңуз.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Рахмат Венера Желденовна, Багдагүл сизге сөз.

**Изденүүчү Мамашарип кызы Б.:** Данияр Сардарбековичтин эскертүүлөрү, ишти коргоого чейин сөзсүз аткарылат.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Эксперттер диссертациялык иш боюнча акт беришти. Баштапкы материалдардын аныктыгы тууралуу

корутунду жасашкан экен. Суроолор барбы? Суроо жок. Чоң рахмат, урматтуу кесиптештер. Анда добуш берүүгө өтөбүз. Бары “макул”, бир добуштан кабыл алынды. Эми коргоонун датасы боюнча, изденүүчү Мамашарип кызы Багдагүлдүн коргоосунун датасын 2025-жылдын 3-февралына коюуну сунуштайм.

Добушка коём, добуш берип коюңуздар. Бары “макул”, бир добуштан өттү.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Авторефератты басып чыгарууга жана таркатууга уруксат берүү боюнча.

Добушка коём. Баары “макул”, бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага, ю.и.д., проф. Токтобаев Б.Т.:** Биз Мамашарип кызы Багдагүлдун кандидаттык диссертациясы жөнүндө эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн корутундусун жана баштапкы документтердин аныктыгын текшерүү актын уктук. Анда эксперттик комиссиянын корутундусун бекитүүгө жана протоколду бекитүүгө өтөбүз.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Мамашарип кызы Багдагүлдүн “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы кандидаттык диссертациясы боюнча эксперттик корутундулар бекитилсин.

2. Мамашарип кызы Багдагүлдүн 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн берилген

“Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы диссертациясы коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

1) **Жетектөөчү уюм:**

"КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ" окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасы.

2) **Расмий оппоненттер:**

2.1. Токтогулов Алмаз Асылбекович – юридика илимдеринин доктору, доцент, адистиги 12.00.02;

2.2.Рахманов Асылбек Рахманович – юридика илимдеринин кандидаты, адистиги 12.00.02.

**Диссертациялык кеңештин**
**Төрагасы, ю.и.д., профессор** **Токтобаев Б.Т.**

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, ю.и.к.** **Сагыналиева В.Ж.**

12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Мамашарип кызы Багдагүлдүн диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин мүчөлөрүнүн 2024-жылдын 20-декабрындагы №__ отурумуна

**КЕЛҮҮ БАРАКЧАСЫ**

| № | Аты жөнү | Окумуштуулук даражасы, адистиктин шифри | Жыйынга катышуу (кол коюу) |
|---|---|---|---|
| 1 | Токтобаев Болот Токтомышевич | төрага, ю.и.д., проф, 12.00.01. | |
| 2 | Шамурзаев Таалайбек Турсунович | төраганын орун басары, ю.и.д., проф, 12.00.09, 12.00.08. | |
| 3 | Сагыналиева Венера Желденовна | окумуштуу катчы, к.ю.н, доцент, 12.00.01. | |
| 4 | Адилов Айбек Насырович | ю.и.д.,профессор, 12.00.09, 12.00.14. | |
| 5 | Аманалиев Урмат Олжобекович | ю.и.д., доцент, 12.00.02, 12.00.14. | |
| 6 | Джумагулов Айдар Муратович | ю.и.д., доцент, 12.00.01, 12.00.02. | |
| 7 | Джумалиев Данияр Сардарбекович | ю.и.д., доцент, 12.00.01, 12.00.02. | |
| 8 | Исманов Таалайбек Кадырович | ю.и.д., доцент, 12.00.01. | |
| 9 | Ким Олег Дмитриевич | ю.и.д., профессор, 12.00.09. | |
| 10 | Саякова Мария Касымовна | ю.и.д., доцент, 12.00.08, 12.00.14. | |
| 11 | Сманалиев Кынатбек Мойнокович | ю.и.д., профессор, 12.00.09. | |
| 12 | Сулайманова Назгуль Назарбековна | ю.и.д., профессор, 12.00.08. | жүйөлүү себеп м-н к.ге<br>Окум. катчы: |
| 13 | Сыдыкова Лейла Чынтургановна | ю.и.д., профессор, 12.00.08. | жүйөлүү себеп м-н к.ге<br>Окум. катчы: |
| 14 | Токтогулов Алмаз Асылбекович | ю.и.д., доцент, 12.00.02, 12.00.14. | |

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы** **Сагыналиева В. Ж.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Кол тамгасы [illegible]
КБ башчысы: [illegible] К.Т. Курамаева